Жолугууга ак көйнөгүн кийип кел

Сөзү,обону: Бейшекеев Сыймыкбек

Коңур күздө түшөт сары жалбырак,

Келчү жолуң күтөм карап жалдырап.

Сүйүүңөргө суктандым мен дегенсип,

Көк асмандан тамчы, тамчы жаш кулап.

Жолугууга ак көйнөгүң кийип кел,

Жоодур карап бул жашоону сүйүп кел.

Кабагыңдан капалыгың сездирбей,

Жарык маанай, жаркылдап сен күлүп кел,

Бүгүн мага ак көйнөгүң кийип кел.

Сени күтүү - зор бакыттын дал өзү,

Сени күтүү - ак сүйүүнүн өзөгү.

Ал ансайын сендик сезим артылып,

Сага болгон махабатым күчөдү.

Жолугууга ак көйнөгүң кийип кел,

Жоодур карап бул жашоону сүйүп кел.

Кабагыңдан капалыгың сездирбей,

Жарык маанай, жаркылдап сен күлүп кел,

Мага жаккан ак көйнөгүң кийип кел.

Батыраак кел күзгү жаанга карабай,

Басалы бул эски бакты аралай.

Сапырылган жалбыректар шуудурап,

Кыялымды алып учат сабалай.

Жолугууга ак көйнөгүң кийип кел,

Жоодур карап бул жашоону сүйүп кел.

Кабагыңдан капалыгың сездирбей,

Жарык маанай, жаркылдап сен күлүп кел.

Мага жаккан ак көйнөгүң кийип кел,

Жоодур карап бул жашоону сүйүп кел.

Кабагыңдан капалыгың сездирбей,

Жарык маанай, жаркылдап сен күлүп кел.

Бүгүн мага ак көйнөгүң кийип кел,

Мага жаккан ак көйнөгүң кийип кел.